***Тайтелиев Чолпонбек***
***Башкы редактор***
***«Эл агартуу» илимий-педагогикалык жана методикалык журналы***

# «ЭЛ АГАРТУУ» ЖУРНАЛЫНЫН БЕТТЕРИНДЕ КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫН ОКУТУУ БОЮНЧА НОРМАТИВДИК ДОКУМЕНТТЕРДИН ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ

*(мыйзам, концепция, стандарт, программа)*

***Тайтелиев Чолпонбек***
***Главный редактор***
***Научно-педагогический и методический журнал «Эл агартуу»***

# ПУБЛИКАЦИЯ НА СТРАНИЦАХ ЖУРНАЛА «ЭЛ АГАРТУУ» НОРМАТИВНЫХ ДОКУМЕНТОВ ПО ПРЕПОДАВАНИЮ КЫРГЫЗСКОЙ ЛИТЕРАТУРЫ

*(закон, концепция, стандарт, программа)*

***Taiteliev Cholponbek***
***Editor-in-chief***
***Scientific-pedagogical and methodological «El agartuu» magazine***

# THE REPRESENTATION OF THE REGULATIONS ON TEACHING KYRGYZ LITERATURE IN JOURNAL *EL AGARTUU*

**(***law, concept, standard, program)*

***Аннотация:*** *Макалада кыргыз адабиятын окутуу боюнча нормативдик документтердин ар кайсы жылдарда «Эл агартуу» журналынын беттеринде чагылдырылышы, алардын кыргыз адабиятын окутуудагы ролу жана мааниси тууралуу сөз болот.*

***Аннотация:*** *В статье рассматривается вопрос публикации нормативных документов по преподаванию кыргызской литературы в разные годы на страницах журнала «Эл агартуу», его роль и значение.*

***Annotation:*** *The article discusses the publiccation of regulations on teaching Kyrgyz literature in different years in the magazine «El agartuu», its role and importance.*

***Түйүндүү түшүнүктөр:*** *мыйзам, концепция, стандарт, өркүндөтүлгөн программа.*

***Ключевые слова:*** *закон, концепция, стандарт, усовершенствованная программа.*

***Key words:*** *law, concept, standard, advanced program.*

Билим берүү жана тарбия процесси – инсандын, коомдун жана мамлекеттин социалдык талаптарына ылайык жүзөгө ашырылуучу жана улуттун адеп-ахлактуу, акылэстүү, демдүү-күчтүү болушун камсыз кылуучу тарбиялоонун жана окутуунун үзгүлтүксүз, системалуу процесси. Билим берүүгө артыкчылык берүү - өлкөбүздүн келечекте туруктуу өнүгүшүнүн, дүйнөлүк коомчулук менен тең укуктуу мамиле түзүшүнүн зарыл шарты. Андыктан ар бир мамлекеттин бул багытта өзүнүн мыйзамдары, билим берүү концепциялары, окутуу стандарттары жана

окуу программаларынын болушу мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Акыркы жылдары өлкөбүздө болуп жаткан социалдык, коомдук-саясий, экономикалык, маданий жаңылануулар республикабыздын билим берүү системасына да жаңылыктарды алып келди. Тагыраак айтканда, коомдук түзүлүштүн минтип чукул өзгөрүүлөргө дуушар болуп, элдин экономикалык жана руханий турмушунун башка багытка ыкчам секирик жасап, жалпысынан улуттук кайра жаралуу жолуна бет алып, ал доордун алгачкы барактарын ачып баштаган ушул тапта ар бир улуттун кылымдар бою көңүл борборунда келген өзүнүн өсүп келе жаткан урпактарын, жаш муундарды тарбиялоо ишинин да жаңы багыт алышы өзүнөн өзү боло турган мыйзамдуу көрүнүш болчу.

Мурунку аздектелген идеялардын кыйрашы жана өлкөбүздүн эгемендүүлүккө ээ болушу менен жаңы баалуулуктар алдыңкы планга чыкты. 1992-жылдын 16-декабрында Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» жаңы мыйзамы кабыл алынды. Аталган мыйзам «Эл агартуу» журналынын 1993-жылдагы №3-4-санына жарык көрүп, анын баш сөзүндө мындай деп айтылат: «Кыргыз Республикасында билим берүү эл аралык макулдашууларда жана пактыларда жарыяланган принциптерге, ошондой эле адам укуктарынын жалпыга бирдей Декларациясына, элдин гумандуу баалуулуктарына, дүйнөлүк маданиятка жана демократиянын принциптерине негизделет. Бул Мыйзам билим берүү системасын уюштуруунун, башкаруунун негизги принциптерин жана анын иштешинин шарттарын белгилейт жана аларды ишке ашыруунун укуктук базасы катары кызмат кылат. Билим берүү Кыргыз Республикасынын мамлекттик көз карандысыздыгы жөнүндө Декларацияга жана Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык ишке ашырылат» [1.2-б.].

Демек, мамлекеттин билим берүү саясатын аныктаган негизги документ болгон Билим берүү жөнүндөгү мыйзамдын кабыл алынышы менен, ага ылайык предметтик билим берүүнүн концепциялары жана билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары, окуу пландары менен окуу программалары, методикалык колдонмолор иштелип чыгышы шарт эле. Анткен менен бул мыйзам кабыл алынган мезгилге чейинки эле үч-төрт окуу жылынын ичинде кыргыз адабиятын орто мектептерде окутуунун программасы бир нече ирет олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Себеби акыркы мезгилдеги болуп өткөн өзгөрүүлөрдөн улам, адабиятты мектепте окутуу ишине коюлган талаптар жана критерийлер да башка багыттан каралары бышык эле. Ушуга байланыштуу 1992-93-окуу жылында программанын жаңы редакциясы жарыяланган. Ал программа ошол окуу жылы үчүн министрликтен бекитилген жаңы окуу планына ылайык түзүлгөн эле. Анда адабият предметинин көлөмү кеңейтилип, жумасына үч сааттан убакыт бөлүнгөн. Аталган программанын да өзүнө жараша өзгөчөлүктөрү жана артыкчылыктары болгон, асыресе, партиялык токтомдор, пленумдардын, съезддердин материалдары, адабияттын партиялуулугу, таптуулугу, соцреализм маселелери толугу менен алынып ташталган. Саясатташкан, идеологиялашкан айрым калпыс жана үстүрт жазылган чыгармалар программанын ошол жылкы редакциясынан бир жолу четтетилген. Ушул убакка чейин окутулбай келген бир катар акын-жазуучулар, алардын тыюу салынып келген чыгармалары милдеттүү түрдө үйрөнүлүү үчүн окуу программасына киргизилген.

Бул программанын артыкчылыктары тууралуу профессор Н. Ишекеев минтип жазат: «Ошентип, кыргыз адабияты VI-XI класстарда жумасына үчтөн саат өтүлүп, ар бир сыныпка окуу жылы үчүн 102 саат бөлүнүп калды. Жалпылаштырып айтканда, бул мурунку окуу планындагы кыргыз адабиятына энчиленген 490 саат эмес, тескерисинче, 714 саат дегендик... Мында, негизинен, 1992-93-

окуу жылы үчүн жаңы окуу планына ылайык программалык материалдардын класстар боюнча жайгаштырылышы жана сааттардын бөлүштүрүлүшү каралган. Ошол эле чакта, бул жаңы окуу программасы эмес (жаңысы даярдалууда), 1989-жылы министрлик басмадан чыгарган мамлекеттик документтин саамалык редакциясы экендиги, анда темалардын, чыгармалардын гана аттары берилип, көркөм материалдарга карата мүнөздөмөлөрдү, аннотацияларды мурда жарык көргөн китепчеден табууга боло тургандыгы кыскача түшүндүрмөдө эскертилген» [2. 336-б.].

Акын-жазуучулардын өмүрү, чыгармачылыгы, адабият теориясы, предмет аралык байланыш, кошумча окуу үчүн сунуш кылынган материалдардын мазмуну программада жок, ошондуктан абалкы окуу программасынын структурасы толук жетекчиликке алынууга тийиш болгон. Демек, мугалим сааттарды бөлүштүрүүнүн агымын терең билим берүү процессинин ички муктаждыгына, зарылдыгына жараша алмаштырууга, кээ бир акындардын ырларын тандап окутууга акылуу болгон.

Белгилей турган дагы бир жагдай, адабиятты окутуунун 1992-жылга чейинки жарык көргөн программаларында сөз өстүрүү жумуштарына сааттар өтө эле аз бөлүштүрүлүп келген болсо, 1992-93-окуу жылынан тартып пайдаланууга сунушталган программада 15-20 сааттан убакыт каралган. Демек, чыгармачыл мугалим бул сааттарды текке кетирбей, көркөм окуу, сочинение, изложение, доклад, реферат жаздырууга жумшап, окуучулардын оозеки жана жазуу речин өстүрүү үчүн пайдалуу өткөрүүсүнө шарт түзүлгөн.

Ал эми 1993-94-окуу жылынан тартып кабыл алынган мыйзамга ылайык түзүлгөн, жогорудагы программага альтернативдүү, жаңы программа иштелип чыккан. Аталган программаны барактап олтуруп, ага дагы бир топ алгылыктуу өзгөртүүлөрдүн киргендигин байкоого болот. Ал жаңылануулар тууралуу өз оюн профессор А. Турдугулов төмөндөгүчө билдирет: «Аталган жаңы мыйзамга ылайык мектепте билим берүү иши башталгыч, незизги жана орто билим берүү деп үч баскычтан турат. Ошого ылайык адабиятты окутуу да үч этапка бөлүндү. Эгерде буга чейинки түзүлүп келинген программалардын талаптарына ылайык адабияттын башталгыч курсу (адабияттык окуу) жана анын тарыхына ылайыкталган системалуу курс болуп эки этаптан турса, эми V-VII класстардагы адабияттык окуу (I этап), VIII-IX класстардагы тарыхый-адабий курстун элементтерин ичине алган, системалуу курска жакындатылган адабияттык окуу (II этап) жана кыргыз адабиятынын тарыхына негизделген системалуу курсу, бул X-XI класстарда окутулат да, мектепте адабий билим берүүнү жыйынтыктайт. Жаңы программанын көп өзгөчөлүктөрүнүн эң негизгиси ушул. Программанын мазмуну да кыйла өзгөртүлүп, милдеттүү түрдө окутула турган чыгармаларды тандоонун чен-өлчөмдөрү да жаңы тургудан каралды. Аларды класстарга жайгаштыруудагы иреттүүлүк принциби да программанын мурдагы редакцияларынан айырмаланат. Ырас, программада материалдарды жайгаштыруу эзелтеден эле дидактиканын принциптерине ылайык салты бар. Мында ошол салт жетекчиликке алынганы менен, жалпысынан улуттук маданият менен адабияттын өзгөчөлүктөрүн эсте кармай жайгаштыруу көңүлдүн борборунда турду» [3. 36-б.].

Ырас, бул мезгилге чейин адабиятты окутуунун программасына тоталитардык мезгилдин, коммунисттик идеологиянын жана цензуранын гана рамкаларына сыйган чыгармалар киргизилип, накта классикалык касиетке ээ болгон көптөгөн адабий мурастар окулбай көмүскөдө келген эле. Бул программада ал кемчиликтердин жоюлгандыгы тууралуу Н. Ишекеев бул пикирди айтат: «Калыстык үчүн айта кетишибиз керек, өркүндөтүлгөн окуу программасынын струк-

турасы, мазмуну негизинен мында сакталган, албетте, башкача болушу мүмкүн эмес эле, ошол эле мезгилде альтернативалуу долбоор соцреализмден, анын «чачпагын» көтөргөн чыгармалардан, партияны, анын жол башчыларын даңазалоодон, басмачыларды каргапшилеген чыгармалардан кескин оолактаган. Анда улуттук рухту жана жалпы адамзаттык нарктарды аркалаган чыгармаларга, байыркы мурастарга, тоталитаризмдин тушунда жерилип келген көркөм байлыктарга кеңири орун берилгендиги жагымдуу. Түзүүчүлөр көркөм өнөрүбүздүн тарыхый баскан жолунан жаш муундарга элес берүү үчүн маданиятыбызды, адабиятыбызды түптөгөн чыгармачыл инсандарды көз жаздымында калтырбоо багытында да изденишкен» [2:337-б.].

Ошолордун мыкты үлгүлөрүн таап, көркөм-эстетикалык деңгээли жогору, тарбиялык мааниге карк болгон адабий дөөлөттөрдү иргеп, ылайыгына жараша класстарга жайгаштырууда программанын түзүүчүлөрү болгон С. Байгазиев менен А. Муратовдун ат көтөргүс милдет аркалагандыгын да баса белгилөө зарылдыгы бар.

Ал эми бул мезгилге карата жаңы программанын негизинде окуу китептери жана аларды окутуу боюнча методикалык материалдар да жарыялана элек болчу. Демек, эски окуу китептери менен методикалык колдонмолорду пайдаланып туруудан башка арга жок эле. Обьективдүү мындай жагдайларды эске алып, жаңы кирген чыгармалар боюнча мугалимдерге багыт берүү максатында А. Турдугулов «Эл агартуу» журналынын 1994-жылдагы № 1-4 жана №5-6-санына «Кыргыз адабиятынын жаңы түзүлгөн программасы боюнча зарыл түшүндүрмөлөр жана кеңештер» аталган макаласын жарыялаган. Макалада 5-класс боюнча жаңы кирген чыгармалар: Ж. Садыков «Эненин жүрөгү», Молдо Кылыч «Зилзала», «Карагул Ботом», Ж. Бөкөнбаев «Жылан менен бака», Токтогул-Жеңижок «Мергенге кошок», Тоголок Молдо «Телибай тентек», Барпы «Жакшы кыз», «Өзү каар, тили заар кыз», «Болор жигит», «Болбос жигит», «Эр жигитке сын», Ы. Борончиев «Элдин кетпейт оюнан», «Кош, Алымкул» ж.б. 6-класс боюнча: «Каныкейдин Тайторуну чапканы», А. Чоробаев «Тайлак баатыр», Токтогул «Жеңижокту жоктоо», Жеңижок, «Айтамын санат тобуңа», Барпы «Балдарга насыят», Б. Сартов «Роботтун туулган күнү», Т. Үмөталиев «Кубат», М. Абылкасымова «Эстелик сүйлөйт», Ж. Мавлянов «Нан» ж.б. 7-класс боюнча: Ж. Баласагын «Дарыгер жөнүндө», «Акындар жөнүндө», «Дыйкандар жөнүндө» («Кут алчу билимден» үзүндү), Барпы «Аялдын жакшысы», «Аялдын жаманы», Коргоол Досу уулу «Токтогулдун баласынын өлгөнүн угузганы», Осмонкул «Бизден мурда өткөндөр», «Уялам», Т. Сыдыкбеков «Акылман куудул», Ж. Садыков «Манастын уулу Семетей», Ж. Мамытов «Буурул таңдын жомогу», Рамис Рыскулов «Космостук манифест» ж.б. 8-класс боюнча: Ж. Баласагын «Кут алчу билим», М. Кашкари «Түрк сөздөрүнүн жыйнагы», Асан Кайгы «Көчмөн элдердин философу», Калыгул Бай уулу «Калыгулдун сөзү», «Санат, насыят, терме ырлары», «Акыр заман», Арстанбек Буйлаш уулу «Тар заман», Жеңижок «Балалык», «Жалгыз тал менен сүйлөшүү», «Аккан суу» ж.б. 9-класс боюнча: Сыдык Карачев «Эрксиз күндөрдө», Н. Байтемиров «Тынышбек боорум», К. Каимов «Анарбайдын көпүрөсү», А. Саспаев «Татым туз», «Сарала ит», Ө. Даникеев «Кыздын сыры», Ш. Садыбакасов «Ак боз ат», «Кабус Наамэ». 10-класс боюнча: Молдо Нияз «Санаттар», «Даткайым сулуу», Молдо Кылыч «Зар заман», «Буудайык», «Бүркүттүн тою», Белек Солтоноев «Румкан» ж.б.

Көрүнүп тургандай, жаңы программанын материалдары бул мезгилге чейин жалпы журтчулукка кеңири белгилүү болбой келген, эми гана акталып, экинчи өмүр сүрүү укугуна ээ болгон чыгармаларга абдан жыш. Мындай учурда мугалим эң оболу анын социалдык себептерин окуучуларга түшүндү-

рүп бергени жакшы. Мында саясаттын, идеологиянын таасиринен жабыр тарткан көптөгөн инсандар, алардын чыгармалары бирден саймедиреп саналышы керек. Демек, бул – мугалимдин өзүнөн жогорку деңгээлдеги даярдыкты, ал чыгармалардын мазмунун жакшы өздөштүрүүнү, чыгарманын көркөм-эстетикалык табиятын, анын таалим-тарбия берүүчүлүк касиетин түшүнүүнү жана аны окуучуларга жеткирүүдө жогорку педагогикалык жөндөмдү талап кылчу нерсе. Андыктан, жогоруда белгилегенибиздей, жаңы программага ылайык түзүлгөн окуу китептеринин, методикалык колдонмолордун жоктугун эске алып, А. Турдугулов аталган макаласында 5-11-класстардын окуу программасына жаңы кирген чыгармаларды окутууда мектеп мугалимдерине багыт берүү максатын көздөйт. Жаңы кирген чыгармаларды окутууда мугалим көңүл бурууга тийиш болгон негизги нерселерге, аларды окуучуларга жеткирүүнүн жолдоруна жана ал чыгармаларды кайсы адабияттардан таап окутууга байланышкан маселелерге кеңири токтолгон.

Ошондой эле, аталган чыгармаларды окутуу боюнча ошол жылдары «Эл агартуу» журналынын беттерине жарык көргөн бир катар окумуштуу-методисттердин да макалалары мектеп мугалимдерине зор көмөкчү болгондугун айта кетүү абзел.

Жогоруда белгилегенибиздей, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө мыйзамдын» кабыл алынышы менен, ага ылайык предметтик билим берүүнүн концепциялары жана билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары, андан кийин гана окуу программалары, окуу китептери жана методикалык колдонмолор иштелип чыгышы шарт эле, бирок кыргыз адабияты өлкөбүздө көптөгөн жылдардан бери өз алдынча предмет катары окутулуп келе жаткандыгына карабастан, кыргыз адабиятынан билим берүүнүн мамлекеттик стандарты жок болуп чыкты. Аталган кемчилик 1995-жылы гана жоюлган. Тагыраак айтканда, республикабызда биринчи жолу «Кыргыз мектептеринде адабий билим берүүнүн мамлекеттик стандартынын долбоору» [4: 14-24-б.] иштелип чыгып, ал «Эл агартуу» журналынын 1995-жылдагы 1-санына жарыяланып, кийин бекитилген.

Адабий билим берүүнүн стандарты – кыргыз адабиятын окуу предмети катары окуучулардын адабияттан алган билиминин жана даярдыгынын милдеттүү түрдө ээ боло турган билим деңгээлин жана өлчөмүн аныктаган документ. Стандарт окуучулардын билим берүүнүн бардык тармактарында (мектеп, гимназия, лицей ж.б.) окутуунун бардык баскычтарында адабий билим алуусун шарттайт, алардын үзгүлтүксүз адабий билим алуусундагы ыраттуу жана бир калыптагы процессин камсыз кылат.

Ошентип, аталган документтердин кабыл алынышы менен кыргыз адабиятын окутуунун программасына дагы жаңы өзгөртүүлөр, толуктоолор киргизилип, өркүндөтүлгөн редакциясы иштелип чыкты. Ал «Эл агартуу» журналынын 1998-жылдагы № 11-12-санына жарыяланып, түшүнүк катында мындай деп айтылат: «Бул программаны түзүүдө билим берүүнүн жаңы мыйзамынын талаптары, мектепте адабий билим берүүнүн концепциясынын жана адабий билим берүүнүн стандартынын жоболору эске алынды.

Мурда колдонулуп келген программанын негизинде мезгил талабына ылайык олуттуу түрдө өзгөрүлүп, кайрадан түзүлгөн бул программа идеологиялык, саясий догмалардын, соцреализмдин официалдуу категорияларынан оолак турат» [5: 5-б.].

Демек, мезгилдин өтүшү менен коомубузда дагы албан-албан өзгөрүүлөр болуп, анын натыйжасында адабиятты окутуунун программасына дагы бир топ өзгөрүүлөрдүн киргендигин байкадык. Ал эми кыргыз адабияты, кандай гана өзгөрүүлөр болбосун, кыргыз элинин көркөм кенчи, руханий күлазыгы, кыргыз турмушунун күзгүсү болуп кала берет. Ошондуктан, кыргыз адабиятын

окутуунун максаты – окуучуларды көркөм казынанын турмуштун сыноосунан өткөн мыкты үлгүлөрү менен терең тааныштыруу аркылуу алардын дүйнөгө гуманисттик көз карашын, турмуштук активдүү позициясын, адеп-ахлак ишенимин, рухий маданиятын калыптандыруу, оозеки жана жазуу кебин өстүрүү, эстетикалык табитин тарбиялоо. Өз эл-жерин сүйгөн, башка калктарды да урматтаган, өз улутунун салт-санаасын, рухий, адеп-ахлак кенчтерин боюна сиңирген, жалпы адамзаттык дөөлөттөрдү өздөштүргөн, демократиялык аң-сезимди алып жүргөн, ыймандуу жана ишкер инсандарды калыптандырууга иштиктүү түрдө көмөктөшүү. Адабиятты коомдук аң-сезимдин, рухий өндүрүштүн спецификалык бир формасы катары жаш муундарга таанытуу, жеткирүү.

Ошентип, бул милдеттерди ишке ийгиликтүү ашырууда мугалимдер журтчулугу менен бирге эле, илимий-педагогикалык, методикалык басылмалардын дагы аркалаган жүгү орчундуу мааниге ээ. Себеби педагогикалык басылмалар мугалимдерди жогоруда айтылган мыйзам, концепция, стандарт, окуу программасы сыяктуу документтер менен гана тааныштырбастан, окутуунун заманбап ыкмалары, алдыңкы тажрыйбалар, сабактын иштелмелери сыяктуу, мугалимдердин күнүмдүк иш-тажрыйбасында керектелүүчү зарыл материалдар менен дагы камсыз кылып келет.

**Адабияттар:**


1. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндөгү Мыйзамы. «Эл агартуу» журналы. № 3-4. 1993-ж.
2. Ишекеев Н. Кыргыз адабиятын мектептерде окутуунун тарыхы. –Бишкек: Мектеп, 1994. - 336-бет.
3. Турдугулов А. Кыргыз адабиятынын жаңы түзүлгөн программасы боюнча зарыл түшүндүрмөлөр жана кеңештер. «Эл агартуу» журналы. № 1-4. 1994-ж.
4. Турдугулов А. Кыргыз адабиятынан билим берүүнүн мамлекеттик стандарты (долбоор). «Эл агартуу» журналы. № 1. 1995-ж.
5. Кыргыз адабиятынын программасы. (5-11-класстар үчүн). «Эл агартуу» журналы. № 11-12. 1998-ж.


***Рецензент: д.п.н., академик Бекбоев И.Б.***